**Ишенгин жаным**

**Сөзү: Түмүнбай Байзаков**
**Обону: Мирланбек Давлатов**
**Аткаруучу: Мирланбек Давлатов**

**Тилекте кенен, жүрөктө терең**
**Ар убак өзүң!**
**Ишенгин жаным.**
**Таң нурун алып күнүгө келем**
**Тартылып сезим.**
**Ишенгин жаным.**

**Таңымда менин, багымда менин,**
**Турасың өзүң!**
**Ишенгин жаным.**
**Толкундап дилим, дирилдеп эрин,**
**Тил тапппайт сөзүн!**
**Ишенгин жаным.**

**Жароокер, айтчы- тилексиз бир күн**
**Жашайбы адам?**
**Жашайт деш жалган.**
**Үзүлбөс үмүт урпактар үчүн**
**Үзүр да жаным бабадан калган.**

**Күн сайын көзгө элестеп жүзүң,**
**Кучакка кысам кубаныч гүлүн.**
**Жүрөктөн күздүн өчүрчү изин,**
**Жарк эте түшсүн эртенки күнүм.**

**Жадымда сенсин.**
**Жалында менмин.**
**Жолумду нурдант жылдыздай жаркып.**
**Сен дагы, жаным, утурлап келгин,**
**Сүйүүнүн таңын берейин калпып.**

**Жүрөктө турат, тилекте турат**
**Жакшылык үмүт жандырып шамын.**
**Ашыктык жибин коелу улап _**
**Ачылсын гүлү өмүрдүн жаным.**

**2011-жыл**